# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ

**1.** Орфографиялык жактан **туура эмес** жазылган сөздөр кайсы катарда берилген?

A) *муз тонду, доклат, бергел, көрүнбөй*

B) *алты ай, сары ала, аз сал, кечти*

C) *сөссүз, түңкү, тамба, бергел*

D) *пассивдүү, масштабдуу, өнгөн*

**2.** *«Султанмурат+Мирзагүл=эки ашык»*. Бул үзүндү Ч.Айтматовдун кайсы чыгармасынан алынган?

A) *«Биринчи мугалим»*

B) *«Эрте келген турналар»*

C) *«Саманчынын жолу»*

D) *«Бетме-бет»*

**3.** *Кожожаш мерген кийиктин эти менен бир айылды баккан.*
Бул сүйлөмдөгү жандама мүчөнү тапкыла.

A) *Кожожаш мерген* B) *кийиктин эти*
C) *мерген* D) *эти менен*

**4.** Кыргыз элинин башынан кечирген тарыхый жолуна тиешеси бар болгон таш бетине түшүрүлгөн Орхон-Энесай эстеликтери канчанчы кылымга таандык деп белгилешкен?

A) *III-IV кылымдардын 95-жылдарына кыргыз элине тийиштүү деп айтышкан*

B) *XVII кылымдын 90-жылдарына таандык деп белгилешкен*

C) *VI-VIII кылымдын 84-жылдарына таандык деп белгилешкен*

D) *X кылымдын 80-жылдарына таандык деп белгилешкен божомолдоп*

**5.** Жайылма сүйлөмдү уюштуруучу сүйлөм мүчөсүн тапкыла.

A) *ээ жана баяндооч*

B) *баш жана айкындоч мүчөлөр*

C) *айкындооч мөчөлөр гана*

D) *баш мүчөлөр гана*

**6.** Ээнин милдетин сын атооч аткарган сүйлөмдү тапкыла.

A) *Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң күлөт.*

B) *Жакшынын сөзүн ар дайым эсте тут.*

C) *Жакшы эл үчүн күйүнөт, жаман өзү үчүн жүгүрөт.*

D) *Мен айтылган сөздөрдү жакшы түшүндүм.*

**7.** «Манас» эпосундагы негизги окуялардын географик жайгашуусун тап?

A) *эпостогу окуялар Чүйдө болуп өткөн*

B) *кыргыз жергесинин Талас өрөөнүндө*

C) *кыргыз жергесинин Баткен өрөөнүндө*

D) *кыркыз жергесинин Ысык-көл жеринде*

**8.** Мезгил тактоочтор кайсы катарда туура берилген?

A) *көп, аз, бат-бат, эртели-кеч, өйдө-ылдый*

B) *акырын, бир кезде, ашык, мол*

C) *аздыр-көптүр, күнү-түнү, илгери-кийин, анда-мында*

D) *азыр, эртең, бүрсүгүнү, жазында*

**9.** *Бөлүнгөндү бөрү жээр, айрылганды аюу жээр.*
Бул сүйлөмдөгү атоочтук кайсы сүйлөмдүн мүчөсүнүн милдетин аткарды?

A) *ээлик* B) *бышыктоочтук*
C) *толуктоочтук* D) *аныктоочтук*

**10.** Бул алынган үлгү кайсы официалдуу-эмес иш кагазына тиешелүү?
*Мени райондук жаштар борборунун алдында ачылган компьютер ийримине кабыл алууңузду сураймын.*

A) *түшүнүк кат* B) *кулактандыруу*
C) *мүнөздөмө* D) *арыз*

**11.** *«Мен алардын сүрөтүн дагы тартам».* Бул сөздөр Ч.Айтматовдун кайсы чыгармасындагы каарманга тиешелүү?

A) *«Жамийла» повестиндеги Сейитке тиешелүү*

B) *«Делбирим» повестиндеги Илияска тиешелүү*

C) *«Гүлсарат» повестиндеги Танабайга тиешелүү*

D) *«Жамийла» повестиндеги Даниярга тиешелүү*

**12.** «Манас» эпосунда Манастын төрөлүшү кимдин түшүндө белги берет?

A) *Жакыпбайдын түшүндө белги берет*

B) *аялы, Чыйырды укмуш түш көрөт*

C) *көзү ачык дубана Жакыпбайга айтат*

D) *токолдукка алган аялы Бакдөөлөт да түш көрөт*

**13.** Тууранды сөздөр кайсы катарда туура берилген?

A) *тарс-тарс, зып-эып, зыр, шаңк, жарк-журк*

B) *аз-аздан, үймө-үй, шака-шака, тарс-турс*

C) *ары-бери, өйдө-төмөн, эртели-кеч*

D) *бирден-бир, үйлөп-жайлап, шалдыр-шулдур*

**14.** Аныктама ат атоочтор кайсы катарда берилди?

A) *кимдир бирөө, кайсыдыр бир, кандайдыр бир, алда кандай*

B) *бул, тиги, тээтигил, мына бул, ошол*

C) *бүткүл, баары, бүтүн, ар бир, өз, өзүм*

D) *эч ким, эч кандай, эчтеме, эч ким, эч бир*

**15.** *тактооч + этиш* – ушул схема кайсы катардагы сөз айкаштарына туура келет?

A) *жакшы жооп берүү, алдыңкы катарда*

B) *мол түшүм, ошончолук жакшы*

C) *бүгүнкү жыйналыш, эртеңки жумуш*

D) *бат-тат сүйлөө, тез-тез окуу*

**16.** Кайсы сүйлөмдөрдөн кийин көп чекит коюлат?

A) *эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдөн кийин*

B) *атама сүйлөмдөн кийин*

C) *кемтик сүйлөм*

D) *жактуу сүйлөм*

**17.** Жеңижокту эмне үчүн жеңижок деп аташчу?

A) *начар үй-бүлөдө өсүп чоңойгону үчүн Жеңижок деп аташчу*

B) *жөндөн-жөн эле ошондой аташчу*

C) *ар дайым жеңижок нымча кийгени үчүн Жеңижок деп аташчу*

D) *байдын баласы боло туруп жыртык көйнөк кийгени үчүн жеңижок деп аташчу*

**18.** Кыргыз орфографиясынын негизги принциптери кайсылар?

A) *фонетикалык принцип, синтаксистик принцип*

B) *морфологиялык принцип, фонетикалык принцип*

C) *салыштыруу, диалектилик принцип*

D) *синтаксистик принцип, лексикалык принцип*

**19.** Сөздү айтканда адам өзүнүн ички сезимин кубаттаган, же жактырбаган түрдө билдириши сөздүн кандай маанисин билдирет?

A) *эмоциалдык* B) *интонациялык*
C) *логикалык* D) *элестүү*

**20.** Пиримкул Кадировдун «Жылдыздуу түндөр» романында кайсы инсан тууралуу баяндалат?

A) *Кусейин Байкара*

B) *Захириддин Мухаммад Бабур*

C) *Амур Темур*

D) *Алишер Наваий*

**21.** Фразеологизм катышкан сүйлөмдү тапкыла.

A) *Жумурткадан кыр издеген неме.*

B) *Ак бетинин кызылы, ак тооктун канындай.*

C) *Жааган кардан жердин бети сүттөн ак.*

D) *Ай нурунда кышкы түн, айран төгүп койгондой.*

**22.** Жалпы таандык мүчө уланган сөздү тапкыла.

A) *тоолордо* B) *биздики* C) *кыштагым*
D) *китеби*

**23.** «Эр Төштүк» эпосунда кандай сөз каражаттары катышкан?

A) *метафора* B) *аллитерация*
C) *гипербола* D) *ассонанс*

**24.** М.Ауэзов менен Л.Арагонду тамшандырып, «Сүйүү жөнүндөгү дүйнөдөгү эң улуу дастан» деген баага арзыган чыгарма кайсы?

A) *«Делбирим»*

B) *«Кызыл алма»*

C) *«Эрте келген турналар»*

D) *«Жамийла»*

**25.** *«Мен көңүлгө туткан адам мени өзүнө барк кылбас,*
*Мени эңсеген башка адамды менин көңүлүм жактырбас.»*
Бул үзүндү кимге тиешелүү?

A) *Алишер Наваийга*

B) *Нодирабегимге*

C) *Саадий Шерозийдики*

D) *Захриддин Мухаммад Бобурга*

**26.** Токтоболот Абдумомунов кыргыз адабиятында элге ким катары таанылды?

A) *акын* B) *жазуучу* C) *драматург*
D) *төкмө акын*

**27.** Тоголок Молдонун асыл аты- жөнү ким?

A) *Белек Солтоноев*
B) *Молдо Кылыч Шамыркан уулу*
C) *Молдо Нияз Эрназар уулу*
D) *Абдыкахманов Байымбет*

**28.** Жоомарт Бөкөнбаевдин «Ажал менен Ар-Намыс» поэмасында кандай образ жаратылган?

A) *символикалуу* B) *эпитеттүү*
C) *ыргактуу* D) *логикалуу*

**29.** Туура ташымалданган сөздөрдү белгилегиле.

A) *кел-гендер-дин, мектеп-тин*

B) *ке-лг-ен-дер-лин, мек-теп-тин*

C) *кел-ген-дердин, мек-теп-тин*

D) *кел-ген-дер-дин, мек-теп-тин*

**30.** *Кайдан келе жатканымды сурап койду да, муңдуу күүсүн черте баштады.*
Бул татаал сүйлөм тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түзүлүшү кайсы шартуу белгиге туура келет?

A) *бир тутумдуу+эки тутумду*

B) *эки тутумдуу+эки тутумдуу*

C) *бир тутумдуу+бир тутумдуу*

D) *эки тутумдуу+бир тутумдуу*